3. Oleg Kazakov. What is the nonprofit sector? The non-profit sector and business: building social partnership: a Handbook for workshop. Edited by V. V. Matrosov and V. L. Weiner. Kaluga, 2000.
4. UNESCO universal Declaration on cultural diversity // www/unesco/org/culture.
5. The Ulakhovich V. E. International organizations (Handbook) - Moscow:AST., 2005.
6. Cultural heritage and folk art. Bishkek, 2006.
7. Lutokhin E. A. Social partnership and its models in foreign countries. E. A. Lutokhin. Belarusian journal of international law and international relations. - 2003.
8. Kiselev, V. N. Define your key concepts. What you should know about social partnership. - M., 2004.
9. The legacy of material and spiritual culture of Kyrgyzstan. - B., 2005.
10. Cultural policy and management in Central Asia. - B., 2004.

УДК.: 331.546

# ЭМГЕК РЫНОГУНУН ЭФФЕКТИВДҮҮ ИШТӨӨ ШАРТТАРЫ

**Калмаматов Б.,** изденүүчү, И.Раззаков атындагы КМТУ

Макалада эмгек жана билим рынокторунун табигый иштөөсүнүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу шарттары каралды. Аларга байланыштуу сунуштар берилди.

В статье рассмотрены естественное условие повышение эффективности работы трудовых и образовательных рынков. В связи с этим предложены различные способы.

Эмгек рыногу да эркиндик, эффективдүүлүк, тобокелчилик жана атаандаштык принциптери менен иштейт. Жумушчу орун берүүчү да, адис да эмгек рыногунда негизги субъект болуп эсептелет. Алардын арасындагы мамилелер жогоруда айтылган принциптерге ылайык ишке ашырылат. Эки субъект тең эркин тандоону, эффективдүү жыйынтыктарды алууну, натыйжага жетүүгө мүмкүнчүлүк түзүлгөн болсо, тобокелчиликке барууну, атаандаштыктын артыкчылыктарынан пайдаланууну каалайт.

Эмгек рыногу менен катар эле Башталгыч кесиптик билим берүү рыногу да иштейт. Андагы негизги субьекттер: 1. Кесиптик лицей. 2. Болочок адис. Булардын арасындагы мамилелер да жогоруда саналып өткөн принциптерге баш ийет. Тактап айтканда, кесиптик лицей да, болочок адис да эркиндикти, эффективдүүлүктү, тобокелге салууну жана атаандаштык шартынан пайдаланууну каалайт.

Кесиптик лицейлер эмгек рыногуна кесиптик-техникалык багыттагы адистерди даярдап чыгарышат. Кыргызстанда кесиптик-техникалык билим берүү рыногунда 100дөн ашуун кесиптик лицейлер иштейт. Аларда түрдүү кесипке багытталган тайпаларда 10 миңдеген талапкерлер билим алып чыгышат. Аларга миңдеген педагог адистер тиешелүү багыттар боюнча сабак беришет.

Башталгыч кесиптик билим берүүнүн мазмуну Эмгек рыногундагы талаптарга карата аныкталышы керек. Мисалы, чачтарач адистигинин мазмуну мындан 20 жыл мурдагы чачтарачтардан олуттуу айырмаланат. Анткени, ал кезде азыркыдай механизмдердин, жууп-тазалоочу аспаптардын түрлөрү болбогон. Учурдагыдай чачтын курамына карата жекече мамилелер болгон эмес. Мына ушуга байланыштуу «Чачтарач» адистиги боюнча эле кесиптик билим берүүнүн мазмуну көлөмү жагынан да, мааниси жагынан да бир кыйла өзгөртүлүп, толукталып турушу керек.

Кесиптик-техникалык адистиктердин мазмунун аныктоо (Калашников А.Г., Крапп Г., Кузнецов А.А., Леднев В.С., Лихачев Б.Т., Сова А.Я., Мелеүенко Ю.С., Разумовский В.Г., Струмилин С.Г., Шабалов С.М., Шаповаленко С.Г., Батышев С.Я. ж.б.), психологиялык аспектилерин (Ковалев А.Г., Платонов К.К., Голубев Г.Г., Суходольский Г.В. ж.б.), кесиптик-техникалык билим берүүдөгү педагогикалык процесстин өзгөчөлүктөрү (Макиенко Н.И., Скаткин М.Н., Ставский П.И., Шапоринский С.А. ж.б.), техникалык каражаттардын ролу жана мааниси (Обрезков Ю.Д., Сова А.Я., Петров Б., Стуль Я.Е., Шухардин С.В., Эшби У.Р. ж.б.) боюнча атайын илимий-изилдөөлөр ишке ашырылып, аталган багыттардагы эмгектер өз мезгилинде маанилүү орунду ээлеп, белгилүү ролдорду ойногон.

Жогоруда аталган багыттардагы эмгектер мурдагы СССРдин убагында аткарылган. Ал мезгилде пландуу-административдик башкаруу системасы өкүм сүрүп, эл чарбасына керектүү адистердин мазмуну да, аларды даярдоо да, жумушка жайгаштыруу да, алмаштыруу да, камсыздоо да мамлекеттин эсебинен ишке ашырылып турган.

Мурдагы СССРдин убагында Эмгек рыногу да, Кесиптик билим берүү рыногу да толугу менен мамлекеттин көзөмөлүндө болуп, Коммунисттик партиянын мүдөөлөрүнө баш ийдирилген, жасалма саясат менен иш алып барылгандыгы белгилүү. Мында тандоо эркиндиги чектелген, эффективдүүлүк индивидуалдуу мүнөзгө ээ болгон эмес, жеке адамдар тобокелге барууга эч кандай негиз болбогон, атаандаштык орун алган эмес.

Учурда бул багыттагы мамлекеттик саясат түп-тамырынан өзгөргөн. Теория жүзүндө алганда, ар бир окуу жай, алардын арасында кесиптик окуу жайлар Эмгек жана Кесиптик билим берүү рынокторунун талаптарына ылайык аныкталышы белгиленген. Бирок, ушул мезгилге чейин мамлекеттин кийлигишүүсү мурдагы СССРдин тушундагыдай эле жүргүзүлүп келе жатат десек болот. Албетте, мурдагы СССРдин тушундагыдай Коммунисттик партиянын кысымындай эмес, ага караганда бир кыйла табигый мамиледе экендигин белгилеп коюшубуз абзел. Эл аралык тажрыйбаны байкасак, кайсы өлкөдө өсүү жогору болсо, ошол өлкөдө мамлекеттин кийлигишүүсү өтө төмөн экендигин көрөбүз.

Бул эмне дегенди билдирет? Ар кандай рынок, анын ичинде эмгек рыногу, билим берүү рыногу, өзүнүн принциптерине, мыйзамдарына жараша иштеши экономикадан белгилүү. Рыноктун суроо-талап, сунуштоо деген эки башкы закону бар. Ошол закондорго жараша ар бир адам, окуу жай, ишкана чечим кабыл алышы керек. Рыноктун өзүнүн иштөө принциптери бар: 1. Эркиндик. 2. Эффективдүүлүк. 3. Тобокел. 4. Атаандаштык. Бул принциптердин бирөө иштебей калса, анда рыноктук мамилелер бузулат.

Эми элестетип көрөлү, жумуш берүүчүлөр жана адистер, окуу жайлар жана болочок адистер арасындагы мамилелер жогорудагы закондорго жана принциптерге негизделген болсо, анда мамлекет тарабынан кийлигишүүнүн кандай кажети бар? Рыноктун субңектилери өз алдыларынча чечимди ушул закондорго жана принциптерге жараша кабыл ала тургандай шарттарды түзүү зарыл болуп жатат деп ойлойбуз.

Ошондуктан мамлекет рыноктук закондордун жана принциптердин толук кандуу иштеши үчүн көмөкчү чечимдерди кабыл алуу менен кийлигишсе, натыйжалуу болмок деп ойлойбуз.

Негизги бөлүк:

Мамлекеттик чечимдер эмнелерге байланыштуу болот? Мында биз төрт шартты сунуштаар элек:

1. Рыноктун катышуучуларынын бардыгы үчүн бирдей жана бирдиктүү эрежелер зарыл.
2. Бардык катышуучулар үчүн мүлктүк жана келишимдик укуктардын анык болушунун зарылдыгы.
3. Катышуучулар үчүн рыноктук кырдаалдарга карата ийкемдүү реакция жасоо мүмкүнчүлүктөрү зарыл.
4. «Кыйыр чыгымдарды» минималдаштыруу.

Эмгек рыногу болобу, же Кесиптик билим берүү рыногу болобу, ар биринин катышуучулары үчүн эрежелер анык жана бирдей болушу зарыл, анткени кайсы бир адистиктер боюнча приоритет берип койгондо, калгандарынын укуктары бузулуп калат. Мамлекет бардыгы үчүн бирдей старт, бирдей мүмкүнчүлүк түзүп бергенде жакшы натыйжа берери көрүнүп турат. Мисалы, учурда айрым кесиптик-техникалык адистиктер боюнча мамлекет каржылайт. Ошондуктан ал адистиктер боюнча окуу-методикалык жана укуктук нормативдик документтерди мамлекет кабыл алат. Ал документтерде сөзсүз түрдө рыноктук мамилелерге кийлигишүүлөр болот. Андыктан бирдей жана бирдиктүү мамилени орнотуу керек.

Окуу жайлар, өзгөчө кесиптик лицейлер жайгашкан имараттар мамлекеттин менчиги болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу эмгек рыногунун жана кесиптик билим берүү рыногунун иштөө принциптеринин жана закондорунун көз карашынан алганда, мүлктүк жана келишимдик укуктарды кайрадан карап чыгуу зарыл деп ойлойбуз. Анткени, алсак кесиптик лицейлер турган имараттар мамлекеттин менчиги, андагы материалдык-техникалык база да мамлекеттин карамагында, мугалимдерге төлөнүп жаткан айлык да мамлекеттики, бирок окуу жайды аяктаган жарандар мамлекеттик ишканаларга эмес, өздөрү каалаган жактарга кетип жатышат. Мындай караганда мамлекеттин ар бир окуучуга сарптаган чыгымдары кайтарымсыз болуп жаткандыгын белгилей кетели. Ушуга байланыштуу мамлекеттин өз менчигине карата мамилелерин да рыноктук көз караштан анализдөө зарыл болуп жатат. Антпегенде ар бир окуу жылы үчүн имараттардын ремонту үчүн да олуттуу суммадагы каражат сарпталып жатат.

Эгерде мамлекет рыноктук мамилелерди толук кандуу иштетүүгө бел байласа, анда ар бир окуу жайга, анын ичинде кесиптик лицейлерге да, эмгек рыногунда болуп жаткан, олутуу киреше

алып келе турган кырдаалдарды оперативдүү пайдаланууга ийкемдүү болуу шартына кам көрсө жакшы болот. Мисалы, коомдун соода, же өндүрүш, же кызмат көрсөтүү секторунда бул же тигил кесиптик-техникалык адистик боюнча адистер зарыл болуп калды дейли. Анда ар бир кесиптик лицей тез аранын ичинде ошол адистик боюнча тиешелүү чечимди кабыл алып, керектүү укуктук-нормативдик документтерди жазып, зарыл болгон чараларды көрүп, рыноктогу талапка жооп бериши керек. Мында да мамлекеттик органдардын оперативдүүлүгү чоң мааниге ээ. «Бирдиктүү терезелердин» болушу жана ыкчам иштөөгө кызыкдардыгы абдан маанилүү деп эсептейбиз. Мүмкүн, буга байланыштуу укуктук нормаларды кесиптик лицейдин өзүнө берүү ыңгайлуу болмоктур.

Көпчүлүк учурларда бул же тигил чечимдерди кабыл алууга караганда алардын укуктук уруксат берүү документацияларын даярдоо убактысы жана аларга төлөнө турган төлөмдөрдүн көлөмү олуттуу түйшүк жаратат. Бул багыттагы «кыйыр чыгымдардын» санын жана төлөмүн кыскартуу зарыл деп эсептейбиз. Анткени, алар да рыноктун катышуучуларынын пайдалуу чечимдерди кабыл алуусуна тескери таасирин тийгизери талашсыз. Мисалы, кайсы бир адистик боюнча документтердин саны, аларга зарыл болгон документтерди укуктук-нормативдик жактан тактоо, алардын ар бирин экспертизадан өткөрүү, ар бирине тийиштүү жетекчилерди кол койдуруу сыяктуу проблемалар рыноктун катышуучусунун, жеке алганда кесиптик лицейдин олуттуу бир пайдадан кечиктирип коюшу мүмкүндүгү да күмөн туудурбайт.

Биз жогоруда кесиптик билим берүү рыногу өз принциптерине жана закондоруна жараша иштей бере тургандыгын белгиледик. Эмгек рыногундагы катышуучулар да, Кесиптик билим берүү рыногундагы катышуучулар да өз алдыларынча чечим кабыл алышы максатка ылайыктуулугун белгилеп өттүк. Чындыгында, жумушчу орун берүүчүлөр, болочок адистер мамлекеттин чечимдеринен көз каранды эмес. Тескерисинче, жумушчу орун берүүчүлөр − адистерге, ал эми адистер − кесиптик билим берүүчү окуу жайларга өздөрү каалаган талаптарды коюшу мүмкүн. Болочок адис жумушчу орун берүүчүлөрдүн суроо-талаптарына жана сунуштоолоруна жараша, ал эми кесиптик окуу жайлар болочок адистердин суроо-талаптарына жана сунуштоолоруна жараша чечим кабыл алышы керектигин практика көрсөтүп жатат.

Жогоруда айтылгандардын натыйжасында биз төмөндөгүлөрдү сунуштайбыз:

1. Эмгек жана Кесиптик билим берүү рынокторунун эффективдүү иштеши үчүн зарыл болгон мыйзам актыларын кайрадан анализдеп, тоскоолдуктардын себептерин аныктап, тиешелүү чечимдерди кабыл алып, болгон мыйзамдарды өзгөртүү жана толуктоо керек.

2. Кесиптик окуу жайлардын оперативдүү пайдалануу укугунда турган материалдык-техникалык базаларга тийиштүү мүлктүк жана келишимдик укуктарды Эмгек жана Билим рынокторунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында кайрадан тактоо жана аларга байланыштуу зарыл чечимдерди кабыл алуу керек.

3. Кесиптик окуу жайлардын Эмгек рыногундагы пайдалуу кырдаалга карата ыкчам жана ийкемдүү аракеттенүүгө көмөк болуучу шарттарды түзүү жагын кароо. Мисалы, банктарда үстөгү минималдуу насыяларды берүү. Ошондо кесиптик окуу жайлар бир орунда турбай, оперативдүү кыймылда болуп, дайыма изденүүнүн үстүндө болот деген ойдобуз. Муну практика көрсөтүүдө.

4. Билим жана Эмгек рынокторунун катышуучулары кабыл алган чечимдерди ишке ашырууга ыңгайлуу шарттарды түзүү керек деген ойдобуз. Тактап айтканда, «Бирдиктүү терезелерди» ачуу жагын кароо керек. Төлөмдөр минималдаштырылып, бюрократиялык тоскоолдуктар азайтылыш жагын кароо.

**Колдонулган адабияттар**


1. Батышев С.Я. Реформа профессиональной школы: опыт, поиск, задачи, пути реализации. М., 1988
2. Батышев С.Я. Трудовая подготовка школьников в условиях научно-технической революции. М., 1974.
3. Калашников А.Г. Индустриально-трудовая школа. М., 1922
4. Ковалев А.Г. Курс лекции по социальной психологии. М., 1972
5. Крапп Г. Маркс и Энгельс о содержании обучения с производительным трудом и политехническим образованием. М., 1964
6. Леднев В.С. Содержание образования: суүность, структура, перспективы. − М.: Высшая школа, 1991. − 224 с.
7. Обрезков Ю.Д., Сова А.Я. Тепловые энергетические системы. М., 1971.

8. Скаткин М.Н., Ставский П.И. Проблемы теории политехнического обучения на современном этапе// Советская педагогика. 1973. №2.

9. Струмилин С.Г. Хозяйственное значение народного образования. М.-Л. 1924.

10. Стуль Я.Е. О диалектике понятия «техника». Челябинск. 1966.

11. Шаповаленко С.Г. Научно-технический прогресс и образование в средней школе// Советская педагогика. 1962. №4.

УДК.: 334.784(1.712.1/.2)

## СОСТОЯНИЕ И ДИНАМИКА ВНЕШНЕЙ ТОРГОВЛИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Асанакунова Гулжан Букарбаевна,** доц,
КГТУ им. И.Раззакова, Кыргызстан,720044,г. Бишкек,пр.Мира 66, e-mail: asanakunova.g@mail.ru
**Аманкулов Бахтияр Алманбетович,** ст. гр. Лг-2-13
КГТУ им. И.Раззакова, Кыргызстан,720044,г. Бишкек,пр.Мира 66, e-mail: Baha_6195g@mail.ru

Целью данной работы ставилось рассмотрение внешней политики КР, рассмотрение ее приоритетов. Исходя, из цели поставлены следующие задачи: Это - изучение сущности и значение внешнеэкономической политики государства и рассмотрение формирование и становление независимой внешней политики КР а также проанализировать внешнеторговый оборот Кыргызской Республики за период с 2010-2014 гг.

## STATE AND DYNAMICS OF FOREIGN TRADE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

**Asanakunova Guljan Bukarbaevna,** docent,
KSTU named after I. Razzakov, Kyrgyz Republic, 720044,.Bishkek, Mira avenue 66,
e-mail: asanakunova.g@mail.ru
**Amankulov Bakhtiar Almanbetovich** Art. c. Ar - 2-13
KSTU. I.Razzakova, Kyrgyzstan, 720044, g. Bishkek, pr.Mira 66, e-mail: Baha_6195g@mail.ru

The aim of this work was put consideration of Kyrgyzstan's foreign policy, consideration of its priorities. Preceding from the goal the following tasks: It - the study of the nature and value of foreign trade policy and consideration of the formation and establishment of an independent foreign policy of the Kyrgyz Republic and the exact same review the foreign trade turnover of the Kyrgyz Republic for the period 2010-2014.

Введение: Значительную роль в подъеме экономики и повышении уровня жизни населения играет активное участие Кыргызстана во внешнеэкономическом сотрудничестве.

Кыргызстан специализирован на производстве и экспорте продовольствия и продуктов питания, шерсти и продуктов ее переработки, минералов и редкоземельных металлов, а также электроэнергии. Республика импортирует энергоносители, прокат черных металлов, химикаты и лекарства, древесину и бумажную продукцию, изделия машиностроения и большинство строительных материалов (кроме цемента, шифера и стеновых материалов).

Влияние внешней торговли на экономическое развитие представляет собой один из наиболее существенных вопросов, имеющих принципиальное значение для реализации эффективной экономической политики во многих развивающихся странах и государствах с переходной экономикой. Это связано с особой ролью внешнеэкономического сектора в экономике данных стран: расширением емкости внутреннего рынка за счет экспорта, обеспечением внутреннего производства за счет импорта необходимого сырья и оборудования. Однако помимо позитивного воздействия, внешняя торговля может оказывать и негативное влияние на экономическое развитие, так как в ряде случаев стимулирует сырьевую направленность развивающихся экономик, деиндустриализацию переходных экономических систем. Основная часть современных исследований, посвященных внешней торговле и развитию, связана с анализом влияния той или иной внешнеторговой политики на экономику развивающихся стран. При этом не рассматривается такой важный аспект проблемы, как особенности внешнеторговой деятельности развивающихся государств в условиях глобального мирового экономического кризиса. В результате правительство приняло на себя обязательство по снижению и связыванию тарифных ставок. Кыргызстан также присоединился к ряду секторальных "нулевых" договоренностей о снижении ставок на многие группы товаров, таких как авиационная техника, электроника, мебель, игрушки, деревообработка и др. Киргизский экспорт пользуется режимом наибольшего благоприятствования (РНБ) во всех странах – членах ВТО.